«Бекитемин»
Б. Осмонов атындагы
Жалал-Абад Мамлекеттик
университетинин ректору,
техника илимдеринин доктору,
профессор К.Ж. Усенов
________________
«13» сентябрь 2021-ж.

Джапарова Замира Бердибековнанын«Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы педагогикалык шарттар» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына жетектөөчү мекеменин

## РАСМИЙ ПИКИРИ

**Диссертациялык иш** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи:**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент – М.М.Эсенгулова

**I. Изилдөөнүн актуалдуулугу:**Изилдөөнүн актуалдуулугу Кыргыз Республикасында өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ишке ашыруу максатында «2019-2023–жылдарга Инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясынын» кабыл алынышына байланыштуу учурдагы кырдаалга тез арада педагогикалык жооп кайтаруу зарылдыгы менен шартталган.

Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясы педагогдордун ишмердүүлүгүнө коюлган талаптардын жогорулашына, алардын функционалдык милдеттеринин кеңейишине жана кесиптик компетенттүүлүктөрдүн өзгөрүүсүнө алып келүүдө.

Инклюзивдик билим берүүдө билим мейкиндигинин өзөктүү фигурасы катары мугалим көрсөтүлөт. Азыркы коомдогу мугалимдин статусу, анын



КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 37 «14» 09 2021 ж.
Окумуштуу катчы

милдеттерин аткарууга кесиптик жана инсандык даярдыгы Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө мыйзамында», «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамында белгиленген. Бул документтерде мугалимдин ишинин негизги принциптери катары окуучуну окутууга, тарбиялоого, өнүктүрүүгө жекече багытталган мамиле, окуучунун укуктарын жана эркиндиктерин, улуттук-маданий каада салттарга урмат көрсөтүүнү камсыз кылган окутуунун жана тарбиялоонун гумандуулук мүнөзү, окуучулардын этникалык таандыктыгы, тили, жаш курагы, диний ишеними, расасы, майыптыгы, теги, мүлктүк жана башка абалы боюнча түздөн-түз же кыйыр басмырлоого, укуктарын чектөөгө же артыкчылыктарды берүүгө жол бербөө көрсөтүлгөн. Аталган принциптер инклюзивдик билим берүүнүн принциптери жана идеологиясы менен үндөш. Демек, жаңы замандын педагогдору катары, азыркы мугалим инклюзивдик маданияты, инклюзивдик компетенттүүлүгү калыптанган ишмер болушу замандын талабына ылайык. Педагогдордун билим алууда атайын муктаждыктары бар балдарды окутуу шартындагы инклюзивдик компетенттүүлүгүн жогорулатуу зарылдыгы, «инклюзивдик компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн маңызын, түзүмүн ачып берген эмгектердин жоктугу, педагогдордун инклюзивдик маданиятынын өнүгүүсү үчүн педагогикалык шарттардын иштелип чыкпагандыгы, **диссертациянын темасынын актуалдуулугун далилдеп жатат.**

**II. Изилдөөнүн максаты**: Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы педагогикалык шарттарды иштеп чыгуу, эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды берүү. Бул максатка жетиш үчүн изденүүчү тарабынан үч милдет чечилген:

1.Инклюзивдик билим берүүнүн философиясын, принциптерин жана өнүгүү этаптарын аныктоо, «инклюзивдик компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн маңызын ачыктоо.

2. Педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык моделин, шарттарын жана чен-өлчөмдөрүн аныктоо жана изилдөө ыкмаларын тактоо.

3.Сунушталган моделдин жана шарттардын натыйжалуулугун аныктоо боюнча педагогикалык экспериментте текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу

**III. Изилдөөнүн илимий жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштардын негизделиш даражасы**: Диссертацияда иштелип чыккан илимий жоболор, жалпы жыйынтыктар жана практикалык сунуштар педагогикалык, методикалык изилдөөлөрдүн методологиясына, анын талаптарына ылайык негизделген. Мында изилдөөнүн педагогикалык эксперименттик иштердин жыйынтыктары да кеңири пайдаланылган. Изденүүчү Кыргыз Республикасынын инклюзивдик билим берүү жаатындагы нормативдик-укуктук документтерди, Кыргыз Республикасы жана чет мамлекеттердеги инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүшүн ар тараптан терең талдоо менен, аларды жалпылаштыруу аркылуу алынган жыйынтыктарын педагогика илиминин соңку жетишкендиктери менен айкалыштырып жоболорду, жыйынтыктарды жана сунуштарды иштеп чыккан. Изилдөөнүн максаты менен милдеттерин так аныктап, аларды логикалык ыраattуулукта, илимий-педагогикалык эмгектерди пайдалануу, жеке ой-сунуштарын билдирүү менен коргоого коюлуучу жоболорду, жыйынтыктарды жана практикалык сунуштарды жетиштуу даражада негиздөөгө жетишкен.

**IV. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси:**

Педагогикалык-психологиялык, илимий-методикалык адабияттарды теориялык талдоонун негизинде инклюзивдик билим берүүнүн философиясы, принциптери жана өнүгүү этаптары, «инклюзивдик компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн маңызы ачыкталды; жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык модели, шарттары жана чен-өлчөмдөрүн аныкталды; педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы

педагогикалык моделдин жана шарттардын натыйжалуулугун аныктоо боюнча экспериментте текшерилип жана тийиштүү практикалык сунуштар берилди.

**V. Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү:** изилдөөнүн материалдары ЖОЖдордо жалпы билим берүүчү уюмдарга педагогдорду даярдоодо, социалдык педагогдор, мугалимдер, мектептин администрация мүчөлөрүнүн практикалык ишмердүүлүгүндө жетекчиликке алса болот. Педагогикалык эксперимент аркылуу апробациядан өткөрүлгөн «Педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун» моделин педагогикалык кызматкерлердин чеберчилигин жогорулатууда пайдаланса болот.

**VI. Изденүүчүнүн жеке салымы:** Кыргыз Республикасында жана чет өлкөлөрдөгү инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүү этаптарынын талдоосу; инклюзивдик компетенттүүлүктүн мазмунун, түзүлүшүн аныктоосу; жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык моделин иштеп чыгуусу; жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын ишке ашыруу методикасын иштеп чыгуусу, эксперимент аркылуу текшерүүсү.

**VII. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши:** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундулардан жана практикалык сунуштардан турат. Изилдөөдө 191 аталыштагы эмгектер пайдаланылган.

Авторефераттын мазмуну, түзүмү диссертациялык иштин мазмунуна, түзүмүнө туура келип, теманын актуалдуулугу, илимий жаңылыгынын жыйынтыгы, практикалык баалуулугу жана жалпылоосу негизинен толук ачылган. Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу теориялык-практикалык багытта аныкталып, туура методологиялык негизде изилденип, педагогдордун аталган компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары диссертациялык эмгектин мазмунунда жана анын негизинде жазылган

авторефератта бирдей тартипте ачылган жана диссертация менен авторефераттын логикалык байланышы сакталган. Жалпысынан изилдөө ийгиликтүү иштелген, өз алдынча аткарылган, толук бүткөрүлгөн иш катары оң баага татыктуу

**VIII. Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта байкалган айрым мүчүлүштөр:**

Диссертациялык эмгекте жетишилген жыйынтыктар жана сунуштар илимий жактан негизделип, практикалык колдонулушу чоң мааниге ээ болгону менен иште кетирилген айрым мүчүлүштүктөр да белгиленди:

1. Изденүүчү жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы үчүнчү шарт катары педагогикалык портфолио түзүүнү көрсөтүп, педагогдордун ишин баалоодогу портфолионун колдонулушун тиркемеге берген. Тиркемелерге портфолионун үлгүсү берилсе педагогдорго чоң жардам болот эле деген ойдобуз.

2. Изденүүчү тарабынан сунушталган «Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу моделинде» натыйжа катары: «Жогорку деңгээлдеги инклюзивдик компетенттүүлүгү калыптанган педагог» аныкталган. Иштелип чыккан натыйжа катары «Инклюзивдик компетенттүүлүгү калыптанган педагог» деп көрсөтүлсө бүгүнкү реалдуулукка туура келет беле деген ойдобуз.

Аталган пикирлер каалоо мүнөзүндө болуп, диссертациянын жалпы сапатына, мазмунуна олуттуу таасирин тийгизе албайт.

**IX. Диссертациялык ишти жалпы баалоо.**

Изденүүчү Джапарова Замира Бердибековнанын «Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы педагогикалык шарттар» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин «педагогика жана психология» кафедрасында

талкууланып, жактырылды. Диссертациялык иш 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча коргоо үчүн КР ЖАКтын талаптарына ылайык келет жана анын автору Джапарова Замира Бердибековна педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Диссертациялык иш кафедранын окуутучу-профессорлорунун катышуусу менен талкууланды (Токтом №1, 10-сентябрь, 2021-ж.).

**Диссертацияны талкуулоого катышкандар:**

1. Тажибаева Ж.К. — педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, педагогика жана психология кафедрасынын башчысы (13.00.01);
2. Сакиева С.С. - педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
3. Ураимов К.М. – педагогика илимдеринин кандидаты, доц. м.а. (13.00.02);
4. Найманбаев М.Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
5. Рыскулова Г.У. – педагогика илимдеринин кандидаты, доц. м.а. (13.00.01);
6. Ажыкулов С.М. – педагогика илимдеринин кандидаты, доц. м.а. (13.00.01);
7. Нусупова Р.С.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);

Б. Осмонов атындагы
Жалал-Абад мамлекеттик университетинин
«педагогика жана психология»
кафедрасынын башчысы, педагогика
илимдеринин кандидаты, доцент Ж.К. Тажибаева

*Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Ж.К. Тажибаеванын колун тастыктайм.*

*Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад*
*мамлекеттик университетинин*
*окумуштуу катчысы,*
*саясий илимдеринин кандидаты* *Б.Н.Алымкулов.*